Нурманбет айылдык кеңешинин
“13” июль 2021-ж
№13/111-28
токтомуна №1 тиркеме

# Нурманбет айыл өкмөтүнүн менчигиндеги негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби жөнүндө жобо

## 1.Жалпы жоболор

1.1.Бул жобо Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты жана Нурманбет айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигиндеги негизги каражаттарды, анын ичинде жабдууларды, оргтехниканы, автоунаа каражаттарын, муниципалдык менчик болуп саналган башка негизги каражаттарды жана чарба шаймандарын эсептен чыгаруу тартибин жөнгө салат.

1.2 Негизги каражаттардын баланстык наркын өнүктүрүүнү токтотуу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

-жарабай калуу

-аны эксплуатациялоодо келечектеги кандайдыр бир экономикалык пайда же кызматтык потенциал күтүлбөсө.

1.3. Нурманбет айыл өкмөтүнүн жана мекемелеринин менчигиндеги негизги каражаттарды балансттан чыгаруу төмөнкү учурларда жүргүзүлөт:

а) физикалык жактан эскиргенде, кызматынын ченемдик мөөнөтү бүтө электе, колдонуу шарттары бузулганда;

б) аварияларда, табийгат кырсыктарында жана башка өзгөчө кырдаалдарда;

в) негизги каражаттар бузулуп калганда, эгер аларды андан кийин колдонууга мүмкүн болбосо же калыбына келтирүүгө көп каражат жумшалса.

Муниципалдык менчикти төмөнкү учурларда гана эсептен чыгарууга болот: эгер аны калыбына келтирүүгө мүмкүн болбосо же экономикалык жактан максатсыз болсо, ошондой эле аны белгиленген тартипте жеке жана юридикалык жактарга сатууга мүмкүнчүлүк жок болсо.

## 2.Негизги каражаттарды эсептен чыгаруу тартиби

2.1. Негизги каражаттарды пайдаланууга жараксыз экендигин, калыбына келтирип оңдоо мүмкүн эмес же максатсыз экендигин аныктоо үчүн, ошондой эле мүлкү чарба жүргүзүү же ыкчам башкаруу укугунда бекитилген мекемелерде негизги каражаттарды эсептен чыгарууга зарыл документтерди тариздөө үчүн, ишкананын жана мекеменин жетекчисинин буйругу менен төмөнкү курамда жумушчу комиссиясы түзүлөт:

-жетекчи же орун басары (комиссиянын төрагасы);

-башкы бухгалтер;

-тиешелүү техникалык адис же жабдууга сервистик тейлөө жүргүзгөн уюмдун техникалык адиси, эгер тейлөө жүргүзүлсө;